Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*10-октябрь, 2016-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*
1. Магистрдик диссертациялардын жана квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин, курстук иштердин темаларын бекитүү;
2. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш) мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү;
3. ИЭТ, ИСТ багыттары жана ТОСВТ адистиги боюнча “Негизги билим берүү программаларын” жана тиешелүү багыттар боюнча “Информациялык пакеттин” мазмунун талкуулоо жана бекитүү;
4. Ар түрдүү маселелер.

**3 - маселе**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* 2016-17- окуу жылында ИЭТ жана ИСТ багыттары жана ТОСВТ адистиги боюнча негизги билим берүү программаларынын мазмуна иш берүүчүлөрдүн сунушу боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. Алардын сунушу боюнча өндүрүшкө байланышкан бир нече дисциплиналар киргизилди. Мисалы, “1С администрирование”, “1С Бухгалтерия” дисциплиналары киргизилди. Андан сырткары НББПнын мазмуна дисцплиналардын, практикалардын аннотациялары киргизилди. НББПны даярдоо боюнча жооптуулар жогорудагы киргизилген дисциплиналардын аннотацияларын, окутуунун натыйжаларын такташыбыз жана ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча ар бир кураторлор студенттерге НББПнын мазмуна өзгөртүү киргизилгендиги боюнча жалпы маалыматты берүүсү зарыл. Ал үчүн атайын куратордук бир саатты НББП боюнча өтүү керек. Андан сырткары ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча Абдирайимова Н., Абдугулова Г., Сатаров А. жооптуулар НББП жана информациялык пакеттин үстүнөн иштөөсү керек.

*Н. Абдирайимова (Программалоо кафедрасынын окутуучусу):* НББПнын мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр боюнча башкача айтканда кошулган дисциплиналар боюнча аннотацияларды тиешелүү окутуучулардан алып, ОН карап жатабыз. Информациялык пакетке да маалыматтарды тактап жатабыз.

*В. Маматова (Программалоо кафедрасынын окутуучусу):* Иш берүүчүлөр тарабынан сунушталган дисциплиналар боюнча квалификацияны жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзүп жатабыз. НББПнын өзгөрүүсү боюнча студенттерге, бүтүрүүчүлөр, ата-энелер жана иш берүүчүлөр маалыматтарды жеткиребиз деп ойлойм.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча Негизги билим берүү программаларынын жана информациялык пакеттердин мазмуну туура жана так даярдалсын, ага жооптуулар болуп Г. Абдугулова, А. Сатаров, Н. Абдирайимовалар дайындалсын.
2. Иш берүүчүлөр тарабынан киргизилген дисциплиналарды бекитип берүү жагы факультеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.
3. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча кураторлор НББП жана информациялык пакет боюнча кураторлор кураторлук сабактарды өтүшсүн жана аны көзөмөлдөө жагы кафедра башчысы А. Сопуевге жүктөлсүн.

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.

Катчы: Абдирайимова Н.